# Кимиси коркок?



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Кимиси коркок?

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул иштил коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кимиси коркок?" (кыргыз тилинде), автор Ысмайыл Кадыров,
сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom



Карга жаңгак таап алды. Чагып жейин деп, ары тоголотту, бери тоголотту. Чокулап көрдү. Акыры чага албасына көзү жетти. Аны чагып жештин жолун ойлоду.



Анан тумшугу менен тиштеп алып көкөлөп учту да, жердеги чоң ташты мээлеп туруп таштап жиберди. Жаңгак ташка “чак” деп тийип, жарылып кетти.




Таштын түбүндө уктап жаткан коён чочуп, ыргып турду.



Болду-болбоду, мергенчи мээлеп туруп атты деп болжоду. Сереңдеп тоону карай качып жөнөдү. Тоо капталында оттоп жүргөн кой өзүн карай атырылып келаткан коёнду карышкыр деп ойлоду. Коркконунан үрккөн боюнча бадалды көздөй жүгүрдү.



Бадалдын түбүндө уктап жаткан карышкыр дабыштан чочуп ойгонду. Түптүз эле өзүн көздөй атырылып келаткан койду көрдү. Уйкулуу көзү менен мени жолборс качырып келаткан экен деп ойлоду. Ыргып туруп, тоону капталдай качты.



Тоонун капталында ийин казып жаткан чычкан мышык кол салды деп ойлоду. Коркконунан төмөн карай кулап кетти. Ал түптүз эле жаңгак жеп жаткан каргага барып бир тийди. Карга чочуп, уча качты.



Анан карга учуп баратып, жердеги чычканга жем болбой калганына сүйүндү.



Ал эми чычкан болсо өзүнө кол салган “мышыктан” аман калганын ойлоду.



Карышкыр өзүн качырган “жолборстон” качып кутулганына кубанды.



Кой болсо “карышкырдан” аман калдым деп ойлоду.



Ал эми коён болсо мергенчинин огунан аман калдым деп, ырдаган бойдон серeңдеп чуркап баратты.











Эми тапкылачы, балдар, ким эмнеден коркту? Деги булардын кимиси коркок?

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли